КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ

ФОНД ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2022-жылдын «15» 02 № 28 Бишкек шаары

# КР Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун №1 Директорлор кеңешинин чечимин жүзөгө ашыруу жөнүндө

2022-жылдын 14-февралындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун №1 Директорлору кецешинин чечимдерин жүзөгө ашыруу максатында **буйрук кылам**:

1. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылдын жыйынтыктары канааттандырарлык деп табылсын.

2. ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору (Атакулов М.М., Муканов А.К., Шамеева С.А., Омокеев М.К., Токтосунов К.Б., Салибаев И.П., Исаев Т.М., Эмилбаев У.С.):

- Саламаттык сактоо уюмдарынын кредитордук жана дебитордук карыздарына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүшсүн;

- Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызматтардын сапатына жана оорулууларга жардам көрсөтүүнүн эрежелеринин сакталышына көзөмолдү күчөтүшсүн;

- Жеңилдетилген шарттарда жана акысыз көрсөтүлүүчү медициналык кызмат корсотүүлор жана милдеттүү медициналык камсыздандыруунун эрежелери боюнча үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн;

- Жеке менчик медициналык борборлору тарабынан корсөтүлгөн гемодиализ кызматынын сапатына контролдоо жүргүзүшсүн;

- COVID-19 илдети боюнча стационардык деңгээлде кызмат корсотүүчү саламаттык сактоо уюмдарында дары-дармектердин болушуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүшсүн;

- «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү системасын жана «e-Kyzmat» адам ресурстарын башкаруу маалымат системасын катуу көзөмөлгө алып, мындан ары ишке ашырышсын.

3. ММК фондунун борбордук аппараты жана ММК фондунун аймактык башкармалыктары:

3.1. Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте:

- Саламаттык сактоо ресурстарынын колдонулушун мүнөздөгөн көрсөткүчтор боюнча (керебеттерин фондун иштетүү, калктын санын стационардык жардам менен камсыздоо, госпиталдаштыруунун деңгээли, оорукананадагы керебеттердин орточо жылдык эсеби, стационардагы медициналык кызматкерлердин штаттык ыраатгамасы жана алардын жүктөмү, оорулардын стационарда болушунун орточо моөнотү, керебеттин жүгүртүүсү) саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердигине талдоону жүргүзүшсүн;

- Бирдиктүү төлоочү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык тобокелдиктерин минималдаштыруу жана алардын финансылык туруктуулугун камсыздоо үчүн оптимизациялоону жүргүзүшсүн.

3.2. «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу документтерди электрондук форматта жүргүзүшсүн;

3.3. «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу аткаруучулук тартипти жана козөмөлдү күчөтүшсүн;

3.4. Адам ресурстарын башкаруу максатында «e-Kyzmat» адам ресурстарын башкаруу маалымат системасында борборлоштурулган маалыматтар базасын өз убагында түзүшсүн.

4. Ош, Чуй жана Бишкек аймактык башкармалыктарынын директорлөру Ош, Чуй облустарынын жана Бишкек шаарынын саламаттык сактоо уюмдары үчүн дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды борборлоштурулган же топтук сатып алууну жүргүзүшсүн. Мөөнөтү: 2022-ж. I-II кв.

5. Калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтууну кеңейтүү камсыз кылынсын:

5.1. Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмү жана Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдөо жүргүзүү башкармалыгы социалдык статусуна жана милдеттүү камсыздандыруу боюнча камсыздандырылышына жараша жарандарга медициналык кызмат көрсөтүүнүн эрежелерин жана коломүн кайра карап чыгышсын; Мөөнөтү: 2022-ж. I кв.

5.2. Бюджетти түзүү жана аткаруу башкармалыгы жана Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмү «Кыргыз Республикасында

жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган жарандардын категориясына ылайык республикалык бюджеттен төлөнгөн милдеттүү медициналык камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмүн жыл сайын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштелип чыгышсын жана киргизишсин; Мөөнөтү: 2022-ж. I-II кв.

5.3. Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо болүмү иштеген адамдын эсебинен милдеттүү медициналык камсыздандырууга төгүмдөрдү төлөө боюнча маселелерди укуктук жөнгө салууга багытталган ченемдик актылардын долборлоорун иштеп чыксын. Мөөнөтү: 2022-ж. I-II кв.

6. Бюджетти түзүү жана аткаруу башкармалыгы калкка көрсөтүлгөн кызмат үчүн Бирдиктүү төөлөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарын өз убагында каржылоону жүргүзсүн.

7. Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы Жалал-Абад, Ош облустарынын жана Бишкек шаарынын баштапкы деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарында амбулаториялык деңгээлде кургак учукту дарылоону аяктоо үчүн каржылоо механизмдерин жайылтууну камсыз кылсын. Мөөнөтү: 2022-ж. II-III кв.

8. Бюджетти түзүү жана аткаруу башкармалыгы жана Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы медициналык кызматкерлерге COVID-19 илдети менен байланышкан иш-чараларды ишке ашырууда оорунун очогунда иштегендиги жана ден-соолугуна келтирилген зыян үчүн компенсациялык төломдөрдү өз убагында каржылоону камсыз кылышсын.

9. Маалыматтык-техникалык камсыздоо бөлүмү, Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы, Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгы саламаттык сактоо уюмдары тарбынан көрсөтүлгөн кызматтарды жана дарыкана мекемелери тарабынан жеңилдетилген рецепт аркылуу берилген дары-дармектерди эсепке алуу боюнча ММК фондунун бардык маалымат системаларын жалпы модернизациялоону башташсын.

10. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо төраганын биринчи орун басары К.Т.Оскомбаевага жана төраганын орун басары М.Т.Шабдановго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б.Жуманазаров**